УДК: 94 (575.2)

Осмоналиева Б.А.
*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# КӨЧМӨНДӨРДҮН МЕНТАЛИТЕТИ ЖАНА АҢ-СЕЗИМИ

*2016–жылы 1916-жылдагы Орто Азияда болуп өткөн улуттук-боштондук көтөрүлүшкө 100 жыл толуп отурат. Орто Азияда, анын ичинде, өзгөчө, Кыргызстандын түндүгүндө болгон көтөрүлүштү обьективдүү, акыйкаттыктын негизинде илимий терең изилдөө учурдун талабы сыяктуу. Андай изилдөөгө илим дагы, бүгүнкү коомдук турмуш дагы муктаж. Бул макалада автор 1916-жылдагы көтөрүлүштөгү жергиликтүү элдин менталитетине анализ жүргүзүүгө аракет кылган.*

Күчтүү уруучулук салт менен шартташкан көчмөн кыргыз, казактардын салтында байыркы замандардан бери эркек бала коргоочу да, багуучусу да, тукум улантаары да болуп эсептелет. Ошол себептүү казак, кыргыздар миңдеген жылдар бою уул балдарын урuусунан алыс жиберүүгө көнгөн эмес. Кокус, эркек бала ар кандай себептер менен бөтөн урууда чоңоюп калган болсо да, эрезеге жеткенде өз уруусуна келиши абзел болгон. «Эреже катарында, эрдин куну төрт кесим боюнча: асый, бышты, кунан, тай эсебинде белгиленип, саны боюнча 300 жылкыга барабар, аялдын куну да төрт кесим иретинде 150 жылкыга барабар» болгондугунан, «Көз чыгарса айыптуу киши жарым кун (эркек болсо төрт кесим иретинде 150 жылкы, аял үчүн 75 жылкы)» [1: 529] төлөгөн ата наркын гана мисалга тарта турган болсок, уул баланын кыргыздарда кандай мааниге ээ болорун бөтөн улут өкүлү деле түкшүмөлдөөр. Өз алдынча түтүн булап бөлүнгөнүндө да урук–тууганынан алыс, бөтөн жерге кетпестен, жерге – жээгинде жашоосун талап кылып көнгөн кыргыздарды эр бүлөлөрүн жердин жети кыйырына, падышанын кызыкчылыгын коргоого жибертүүгө ынандыруу оңой эмес эле.

Эл ичи ушундай олку – солку болуп турганда арык, белектин билермандары өз ара масилет кылууга чогулушат. «Кыдыр аке : – Мен ушул Түргөндөн тартып Битирборго чейин орус экенин көрдүм. Чатак баштоонун кереги жок. Жыландын куйругун басып алабыз» - деген экен. Бир манап: «Сен, Кыдыр, бизди балдарыбыздан ажыратканы турасыңбы? Балдардан ажырагандан көрө өлгөнүбүз жакшы!» - деп чаңырат. Ырк кетет. Ошондон кийин көлөктөп чыт чапан кийген, көпкөн жигиттер: «Бизди солдатка кармап бергендердин башын жутабыз» дегенге чейин барышат [2: 218.]

Ошондой эле Жаркент уездинде 11- июлда чогулган 1000 адамдай топ, падыша аларды букаралыгын алганда солдатка албайбыз деген убада бергендигин айтышып, ошондуктан «алар адамдарды жумушка беришпейт, деги эле ага көнүшкөн эмес жана туугандарынан алыска кетүүгө да көнүшкөн эместерин» [3: 37] билдиришкен. Аскер жашындагы жигиттер « ата–эне, тулуп өскөн жерден айрылып кайда бармак элек» [3: 294] – дешип, акыл салышкан айрым улууларды укпагандары көпчүлүк жерлерде байкалган.

Тарыхнаамадагы Кыргызстандын түштүгүндөгү көтөрүлүштүн жүрүшүндө кандуу кагылышуулар дээрлик эч жерде болбогондугун жана толкуган массалар бай–манаптардын басып коюулары менен тынчып, жазалоочу отряддардын күчү менен беш түтүндөн бир киши берүүгө алгачкылардан болуп аргасыз макул болушкандарын окууга болот.

Көтөрүлүш ылдам жайылып, июль айынын биринчи, экинчи декадаларында бүтүндөй түштүк жергесин камтыган. Чогулган топтордо кыйкырыктар, олку–солкулуктар болуп турган. Куршаб айылындагы көтөрүлүштүн күбөсү Ус Михаил Иванович: «Кыжыры келген кедейлер биздин айылга жакын жердеги биринчи жана экинчи айылды бириктирип жыйналыш өткөрүштү, падышанын зордукчулугуна каршы нааразылыктарын билдиришти. Бирок, ошентсе да, жергиликтүү эл падышалык чиновниктерди, жергиликтүү эзүүчүлөрдү өлтүрүп же чатак чыгарып, кол салышкан жок» [3: 324] - деп эскерет. Оштук күбө Владимир Давыдов да: «…Ош шаарындагы жакырданган дыйкандардын толкундануусу, нааразылыктары болуп турду, бирок колдоруна курал кармап көтөрүлүшкө чыгышкан жок» [3: 327] - деп эскерген.

Мындай көрүнүш Талас дубанына да тиешелүү болгон. Бай – манаптары тыйып койгон көтөрүлүшчүлөр планга баш ийип, жумушчулукка кеткени, эпицентрдегидей кандуу кагылыштар болбой, эл аман калганы эмне себептен эле?

Биринчиден, түштүктө да түндүктөгүдөй эле, алгач «аскер алат экен» деген имиштер тараган. Ошол учурда маселен, токтогулдуктар «жайлоодон көчүп чөлгө түшө башташкан, Указды угушуп, кайра артка качып кетишкен» [3: 252]. Дал ушундай ушак өзгөндүктөрдүн жайлоолоруна тарап, эл топ – топ болуп кыйкырык сүрөөн менен курал чогултуп башташкан.

Экинчиден, эл ичинде кулак түрүп тургандарга түндүк элинин көтөрүлүшү жеңишке ээ болбогону, «Шабдандын эли жана Наманган тарабындагы элдердин мендикер бербейбиз деген урушундагы падышанын аскерлери тарабынан кырылгандыгы угулду. Шондон кийин гана эл чөлгө көчүп келет» [3: 247] да, жумушчу берүүгө көнөт. Чүйлүктөрдүн кырылып жаткандыгын угуп, көтөрүлө алышпай, «экинчиден, 40 солдаты менен Коушев айылга жатып алса» куралдуу аскерлерден корккон элдер каршылык көрсөтө албастан, рабочуга кете берген» - деп көтөрүлүштүн күбөсү, таластык Шыгаев Иманбек да эскерген.

Үчүнчүдөн, «Орустардын пулемету бар машинасына ат коюп, үстүндөгү аскерин найза менен сайып туруп, окко учкан» [3: 225] түндүктүк туугандарынан айырмаланып, бай – манаптары тыйган толкугандары, алардын тилин угуп, тынчып калышынын өзөгүндө отурукташкан калкка таандык психологиянын таасири же рационализм жаткан.

Белгилүү болгондой, көтөрүлүш эгин, түшүмдөр бышып калган мезгилде чыгып, негизги тиричилиги дээрлик түшүмгө көз каранды калк, боз үйдөй кылып короо–жайын нарыдан–бери таңып жиберип кача албаса, оруп–жыюу маалы келип турса, мурда көтөрүлгөн түндүктүктөр кырылып, качып жатканын да ойлонушуп, аялдаша артын качыргандардын кандуу кагылыштарга баруусу күмөн эле.

Түштүктө бир аз козголгон элдер «силер көтөрүлгөндө да колуңардан эч нерсе келбейт, кыргыздар аз элбиз» деген сыяктуу сөздөргө басылып, отурукташкан калкка таандык рационализмдин таасири чоң роль ойногон эле.

Түндүк урууларында болсо борбордошкон мамлекети жок көчмөн турмуш шартында көп кылымдар бою калыптанган ата наркына ылайык касташып, тирешип калган бирөөнүн малына барымта жасаганга кадыресе көрүнүш катары

карашкан. Ушундай атависттик позициялары келгиндердин кыштактарын талап, эгинин өрттөп, малын айдап, келин-кызын туткундап кеткен түндүк урууларынан көп байкалган.

Көтөрүлүштүн мүнөзүнө кайрыла турган болсок, анда көпчүлүк изилдөөчүлөрдө адилетсиз тизме түзүлүп жаткандыгы туурасында манап, болуштарга наразылыктарын билдирген жана айрым бир жерлерде аларга кысым көрсөтүп, кызууланган топтордогу аларга кол салууга болгон аракеттерден кыймылдын жергиликтүү феодалдык эзүүчүлөргө каршы мүнөзүн таасын көргөндөрү жок эмес.

Жардыктын жарыяланышына чейин эле жумушчу алуу долбоору барлыгынан азын-оолак кабардар кыргыздарга тизмелерди түзүү буйругу келип түшүшү менен «эл башкарган жакшылар ар кайсы жакка атайын чабарман жиберишип, өз кулактарынан өзү коркуп, боло турган кырдаалды байкап турушат» [4, №182. 4].

Эгерде жакшылар элдин тагдырына өтө эле көңүл кош карашса башка уруулар менен чабарман аркылуу кабар алышпай, башкалар кандай кеп-кеңешке келишкенине кызыкпай тим жата беришпейт беле? Жалаң гана кедей жигиттер эмес «малдуу адамдардын да балдары аттарына минип алып, кабактары түшүп: «солдат болгондон көрө ушу жерде өлгөнүбүз жакшы. Урушка барбайбыз» деген учурлар көп болгон. Жандарын малдары менен кала турганын билген алар, солдат болгондон көрө өз жеринде өлгөндү эмнеге артык көрүштү эле? Демек, «ит өлүмү болгуча падыша менен алка-жакадан алышып жатып өлөбүз» - дешкен Белек элиндей, толук кандуу солдат эмес, «ар кайсы жерде карагай кесип, тирүү кул болгон, тарп болуучу солдаттык ит өлүмдөн көрө» убадасын да бузган, салыгы менен кыйноо кылган падыша менен урушууну артык көрүшкөндөрү белгилүү болуп отурат.

Ал эми окоп казып, кара жумуш аткараарын билишкенде, «алса, кара жумушка эмес, согушка алсын, кара жумушка жиберсе, барбагыла, кыргыздар үчүн бирөөлөргө жер казуу уят» деп айтып, кеңешинин жыйынтыгында «бардык кыргыздарды көтөрүп, орустарды жок кылабыз деген чечимге келишкен» [5: 42], караколдук 11 болуштуктун башчыларынын уруусунун, элдин, улуттун намысын коргоп жатышкандары эмеспи!

Көл айланасынын билермандарын Караколго чакырткан Ивановго да эл аскер берип көнбөгөндүктөрүн түшүндүрүп, ыкка келтирүүнү ылайык көрүп, Ысагаалынын акылы менен убакыт сурап уруксаат алган билермандар менен карапайым элдин ортосунда таптык карама-каршылык өтө күчтүү болсо, кайдыгерлигин билдирип, өз балдары кетип жатпагандан кийин жумушчу берүүгө макулбуз деп коюшпайт беле? Мындай көрүнүш Түндүк Кыргызстандан гана эмес, аскер катары албаса, жумушка киши бербейбиз деген эл мүдөөсүн талашкан Жаркент уездиндеги казак элинин жакшыларынан да байкалган.

Падыша администрациясынын алдындагы кызматын өтөп, талап кылынган тизмени түзүп берүүгө аракеттенгендер болгонун, өңчөй кедейлерден тизме түзүлгөндүгүн танууга мүмкүн эмес. Буга наразылык билдиришкендери менен, кыймылдын жүрүшүндө аракеттери тизме түзгөндөргө эмес, дээрлик келгиндерге, падыша аскерлерине каршы багытталганы айкындалбадыбы. Аскер кызматына чакыруудагы адилетсиздиктерге үндөш окуялар 1916-жылы эле

эмес, бүгүнкү демократиялык коомдо да жашап жатканынан окурмандар өз тыянагын чыгарышаар.

«Бай-манаптардан көтөрүлүшкө жетекчи болгондор өзүлөрүнө болгон элдин наараазылыгын мокотуп, казатка үндөп, кыймылды орустарга каршы багыттоого аракеттеништи» - дейт окумуштуу К.Үсөнбаев [6: 24].

Элдин толкунуна ээ боло албай калганда алгач аскер берүүгө үндөгөн айрым бай-болуштар элден чыга албагандыгынан жетекчиликти өздөрү колго алгандарына караганда, эл ишенип, жетекчиликти берген учурлары көбүрөөк болгон. Көтөрүлүштүн алгачкы этабында жабыр тарткан тарап, негизинен, орус-украин оторчулары болду. «Алардан 2227 адам өлтүрүлдү, 834ү жарадар, 1364 адамы туткунга алынды же дайынсыз жок болду, 6024 үй-бүлөнүн мүлкү талоонго алынды жана өрттөлүп жиберилди». [7: 45].

Келгин дыйкандар менен кыргыздардын ортосундагы жалпы мүнөзгө көтөрүлө албаган айрым бир достук мамилелерди көтөрүлүштүн орустарга каршы мүнөзүн жокко чыгарууга одоно колдонуп келгенибизди жогорку сандар далилдесин…

Патриархалдык-уруучулук насилине ылайык келбеген аскер алуу буйругуна каршылык көрсөтүп баштаган аскер жашындагыларга жалпы эл катмары кошулуп, топтук (толпалык) психологиянын таасирине алдырып жатышкан көтөрүлүшчүлөрдүн терең, татаал максаты империализм, колониализм системасын жок кылуу болсо, келгиндердин кыштактарына, шаарларга кол салып, жерлерибизге ээлик кылабыз деген багыттагы аракеттерди жүргүзүшпөйт эле.

Падыша аскерине күч жагынан тең келе албастарын айтып, каршылык көрсөтүү чоң зыянга алып келээрин алдын-ала айткандардын кеңешинин чындыгына көзү жетпеген сабатсыздык көтөрүлүүгө алып келген демографиялык, социалдык, экономикалык пландарда чоң жоготууга учураган көрүнүшүн прогрессивдүү баалоо элдин келечек муунга сабак болоор тарыхый кемчилдерин жашырып, көкүрөк кагууга жатаарын эске алсак.

Көтөрүлүштүн жүрүшүнөн көрүнгөндөй, элдин кыймылы жерин, эркиндигин, улуттун, элдин намыс – ариетин коргоо үчүн багытталган эле.

1916-жылдагы кагылыштардын кесепети калкка демографиялык, экономикалык, социалдык, саясий пландарда кедерин тийгизди. Борбордошкон мамлекети жок калкка келген кесепеттерди санма-сан так аныктоодо бүгүнкүгө чейин кыйла кыйынчылыктар жаралууда.

Жети-Суу уездинен Кытайга качып өткөн качкындардын саны толук эмес маалыматтар боюнча 164 миң болсо, 134 миңин кыргыздар түзгөн.

«Алар чек арадан өткөндө 10% жылкысын, 25% майда жандыгын гана сактап калышкан» [6: 46], натыйжада, ачкачылык менен түрдүү эпидемия 1917–жылдын майына чейин Кытайда 70 миңден ашык качкындын өлүмүн шарттады. Эскерүүлөрдөн жана тарыхый даректерден белгилүү болгондой, Кытай чек арасына чейинки жол азабынан, куугунтук жана башка кыргындан кийин орто эсепте малынын 30%ы гана калган болсо, Кытай жеринде алар Кытай черүүлөрү жана калмактар үчүн ар кандай тоноонун бутасына алынганы жашоо булагы болгон мал–жанынан дээрлик ажыроого алып келген. Көтөрүлүш убагында малынан, жеринен ажыроо, келгиндердин жазалоо отряддарынын талап-тоноосу качкындар гана эмес, өз жеринде калгандар үчүн да экономикалык

жагдайда оңой болгон эмес. 1917-1918-жылдардагы чоң ачарчылык кыймылдын түз кесепеттери эле.

Социалдык жактан камсыздыгы жок, үй-жайы жок, оорудан, ачкачылыктан ак шишик басып, тентип жүргөн кыргыздардын абалын 1918-жылы Караколго жетекчилик кызматка келген Шахабидиновдун жергиликтүү татар жана башка улут өкүлдөрүнө кайрылып: - «Кыргыз калкы эмне болуп атканын билесиңерби? Алар тентип, ачка, үй-жайсыз жүрүшөт. Балдары болсо топ-топ болуп, көчөдө коңуз, бака терип жеп жүрүшөт» [2, б.156] - деп, алардын көчөдө калган балдарды асырап, ачтарга жардам кылышын буйруган.

1918-жылдын сентябрындагы курултайда Жангарачев да Чүй аймагынын кыргыздарынын абалын мындай деген: «… кыргыздар жандуу скелетке окшошуп, ачкачылык аларды боз үйлөрүн сатууга мажбурлап кан-сөлсүз, тамак-ашсыз калышты. Ачкачылык аларды ит, кашкулак, чычкан, бака жегенге аргасыздантты» [6.с.215].

Кытай жергесинде жергиликтүүлөргө качкындардын тийгизер таасирин коркуп (дунган көтөрүлүшүнөн кийин), Россия менен болгон байланышынын алдын алган жергиликтүү бийлөөчүлөр тарабынан качкындар Кытайда ички провинцияларга кирүү укугунан четтетилген болчу. Камкордуксуз элдин ар тараптуу кысымдарды көргөнүнө Х Карасаев мындай деп токтолот: «Качып барган элди өз да талады, жат да талады. Ал турсун, кыргыздардын кээ бир уятсыздары бир кара берип бирден кыз алды» (бир кара түгүл, жаны калсын деп ар кимге балдарын чөйчөк талканга алууга сунуштаганга аргасыздык кадыресе көрүнүшкө айланган). Андан ары «Күүгүм талашта калмактар көптүн ичинде келе жаткан кыздарды көз көрүнөө эле, мылтык менен коркутуп, төөсү менен жетелеп кетип атканына» күбө болгонун эскерет. Мындай ким көрүнгөндөн ыза кордук көргөн элдин трагедиясы «Кызыңды кытай учкаштырып кеткир» деген кер-мур айтышып, араздаша кеткендердин ортосунда айтыла калуучу наалат сөзүнө камтылып, бул сөз эл турмушунун ачуу чындыгын көргөзөрү калетсиз.

Теңдик, калыстык үчүн болгон элдик кыймыл трагедияга айланып, кыргыз коомчулугу үчүн жогоркудай терең регресстерди алып келди. 1916-жылдын келечекте изилдениши, талдап өздөштүрүү изилдөөчүлөр үчүн да окурмандар үчүн да терең баамды талап кылат.

**Адабияттар:**


1. Кыргыздар. Түзгөн К. Жусупов. 2 – том. – Бишкек: Кыргызстан, 1991.
2. Үркүн. Тарыхый–даректүү очерктер. -Бишкек, 1993.
3. 1916-жылкы Кыргызстандагы көтөрүлүш. Документтер жана материалдар. Эскерүүлөр. – Бишкек: Кыргызстан, 1996,
4. Кыргыз Туусу. Баш оона айынын 8и , 1991-жыл. № 182.
5. КР УИАнын Кол жазмалар Фондусу. № Инв. 1519. (12)
6. Восстание 1916-года в Кыргызстане. Сборник материалов научной конференции, посвяүенной 75-летию восстания. -Б.: Илим, 1993.
7. История Кыргызстана. -Б., 1993.